КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ЫСЫК-КӨЛ ИНДУСТРИАЛДЫК- ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ

# КАБЫЛ АЛУУ ЖОБОСУ

## Балыкчы шаары

**БЕКИТЕМИН**
**Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжинин директору Жумабаева Б.А.**
________________________
"____"_______________2018-ж.

**Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжине кабыл алуунун**

**ЖОБОСУ**

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлу №470 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмуна студенттерди кабыл алуунун тартибине (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.06.2018-ж. №279 токтомунун редакциясына ылайык) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-ж. 3-февралы №53 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто кесиптик орто билим берүүчү уюмдары жөнүндө жобосуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №160 токтому, Билим берүү жана илим министрлигинин №443 буйругунун негизинде иштелип чыкты.

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул кабыл алуу Жобосу кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжинде (мындан кийин ЫКИПК)кабыл алууну жөнгө салат.

1.2. ЫКИПКга негизги билими же жалпы орто билими бар Кыргыз Республикасынын жарандары, Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу же убактылуу жашаган чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар кабыл алынат.

1.3. Кыргыз Республикасынын жарандары конкурстук негизде мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде орто кесиптик билим алууга укуктуу.

1.4. ЫКИПКда кабыл алуу конкурстун негизинде ишке ашырылат.Конкурстун шарттары жарандардын билим берүү жаатындагы укуктарын сактоону гарантиялап,жөндөмдүү жана даярдыктуу адамдардын кесиптик орто билим алуусун камсыздоого тийиш.

1.5. Бюджеттин эсебинен адистиктер боюнча даярдоонун планы (контролдук цифраларды) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилет.

1.6. Чет өлкөлүк жарандар ЫКИПкга мамлекеттер аралык , өкмөттөр аралык

негизинде (контролдук цифранын ) чегинде кабыл алынат.

1.7. Чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын негизги жалпы билими же жалпы орто билими тууралуу мамлекеттик документтерине эквиваленттүү билими тууралуу документтерин тиркеши керек.

1.8. Бул тартипке ылайык кабыл алууну уюштуруу үчүн ЫКИПКнын кабыл алуу комиссиясы түзүлүп, анын төрагасы окуу жайдын директору болот.

Төрага кабыл алуу комиссиясынын ачыктыгын жана туура иштөөсүн камсыз кылат.

1.9. Келишимдик (акы төлөө) негизде кесиптерди даярдоо тизмеги Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан макулдашылат.

1.10.Кабыл алуунун жооптуу катчысы жана тех.катчысы ББ жана ИМнин буйругу менен бекитилет.

1.11. Кабыл алуунун тесттерин иштеп чыгуу үчүн комиссия түзүлөт.

1.12. Кирүү сыноолорунун саны экиден кем эмес, төрттөн ашпайт.

1.13. Тест жыйынтыктарын баалоо системасы бекитилет

1.14. Кабыл алуу боюнча тесттерди жүргүзүү үчүн график түзүлөт.

1.15. Тесстердин суроолору атайын уюштурулган стендге илинет.

1.16. Кабыл алуунун планы окуу жайдын сайтына жайгаштырылат.

## 2. Кабыл алууну уюштуруу

2.1. ЫКИПКга өтүүгө арыз бергенде окууга кирүүчү төмөнкү документтерди тапшырат:

- паспорттун же туулгандыгы тууралуу күбөлгүн;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүгүнүн же жалпы орто билими тууралуу аттестаттын түп нускасын же дубликатын;
- белгиленген формадагы медициналык маалым катын;
- аскердик белетин же катталуу күбөлүгүн;
- керектүү сандагы сүротүн (3х4 -6 шт.)
- эгерде тапшыруучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдиктерге талапкер болсо, ЫКИПКда тийиштүү адистиктер боюнча окууга кандайдыр чектөөлөр бар болсо тапшыруучу башка документтерди да тапшырышы мүмкүн.

2.2. Окутуунун ар түрдүү формаларына жана келишим (акы төлөө) негизинде окууга түшкөн арыздар өз-өзүнчө бөлөк катталып, бөлөк эсепке алынат.

2.3. Абитуриенттер жана ата-энелер ЫКИПКга тапшыруу алдында ЫКИПКнын Уставы

менен, окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүү укугу(лицензия) менен , мамлекеттик аттестациядан (аккредитациядан) өткөн сертификаты мене, кабыл алуунун тартиби менен, бюджеттин эсебинен бекилген орундар менен , кирүү сыноолорунун программасы менен ,келишим (акы төлөө), негизинде окуунун шарттары менен жана башка маалыматтар менен тааныша алышат.

## 3. Тапшыруу сынагы

3.1 Кирүү сыноолорунун көлөмү, тизмеси, формасы жана баалоо системасы ЫКИПКнын кабыл алуу тартиби менен аныкталат.

3.2. ЫКИПКга кирүү үчүн башкы критерийлер болуп тапшыруучунун билиминин деңгээли жана жөндөмү эсептелет,аны текшерүү үчүн кирүү сынактары өткөрүлөт.

3.3. Кирүү сынагы бланк менен тестирлөө формасында өткөрүлөт, айрым адистиктер боюнча кошумча сынак жүргүзүлөт

3.4. ЫКИПКга тапшыргандар кирүү сыноолорун мамлекеттик же расмий тилде берүүнү тандап алууга укуктуу.

3.5. Кирүү сыноолору негизги жана (же) жалпы орто билим берүү программаларына ылайык өткөрүлөт.

3.6. Кирүү сыноолоруна себепсиз келбей калган, сынакта канаатандырарлык эмес баа алгандар ЫКИПКга кирүү конкурсунан чыгарылат.

3.7. Бирдиктүү талаптардын аткарылышын, тесттик тапшырмалар (суроолор) боюнча сыноолордогу талаш маселелерди чечүү жана ЫКИПКга тапшыргандардын укуктарын коргоону камсыздоо максатында ЫКИПКда апелляциялык комиссия түзүлөт.

4.3. Абитуриентгердин аппеляция жөнүндө арыздары кирүү сыноолорунун жыйынтыгы жарыялангандан кийин бир сутка ичинде берилет да, алар аппеляциялык комиссия тарабынан арыз ээсинин катышуусунда бир күндүн ичинде каралат.

4.4. Апелляция кароо кайра экзамен тапшыруу эмес. Апелляцияны кароонун жүрүшүндө кирүү сынагын тапшыруунун натыйжасы туура же туура эмес бааланганы гана текшерилет.

4.5. Кируу сынагын кайра тапшырууга болбойт.

## 4. Кабыл алуу

4.1.Кабыл алуу кируу сыноолору бүткөндөн кийин жүргүзүлөт

- Окутуунун күндүзгү формасына окуу жылдын 25-августунан кеч эмес;

- Окутуунун күндүзгү формасына окуу жылдын 25-августунан кеч эмес;
- Сырттан окуу формасына окуу жылдын 30-августунан кеч эмес ишке ашырылат.

4.2.Жакшы баа алса бюджеттик орундарга жана окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча конкурстан сырткары кабыл алынуучулар:

• Кыргыз Республикасынын Өкмөтүндө белгиленген жеңилдиктерге укугу жана күбөлүгү бар запаска бошотулган аскер кызматындагы адамдар.

• Тоголок жетим жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар (ошол жылдын 1 - октябрына карата 18 жашка чыга электер)

• Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген, медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча даярдыктын жана адистиктин тандаган багыты боюнча окуса болуучу адамдар;

4.3.ЫКИПКда абитуриенттерди кабыл алууда кошумча жеңилдиктерди түзүп берүүгө жана мектепти артыкчылык аттестаты менен же күбөлүгү менен аяктаса, спорттун эл аралык, республикалык, шаардык жана областтык олимпиадаларда жана башка спорттун түрлөрү боюнча жеңүүчүлөрдү, маданий массалык чыгармачылык конкурстардын жеңүүчүлөрүн сынаксыз кабыл алууга укуктуу.

4.4. ЫКИПК ар бир окуу жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине статистикалык отчет берүүгө, ал эми кабыл алуу бүткөндөн кийин студенттерди кабыл алууну уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө отчетту берүүгө милдеттүү.

4.5. ЫКИПК Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине кабыл алуу жөнүндө жыйынтык маалыматтарды :

-бюджеттик негизде - 1-сентябрга чейин;

-келишимдик (акы төлөө) негизинде 15-сентябрга чейин тапшырылат.

4.6. ЫКИПК Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине статистикалык отчет берүүгө, ал эми кабыл алуу бүткөндөн кийин -студенттерди кабыл алууну уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө отчет берүүгө милдеттүү.

Студенттерди кабыл алуу тартиби ЫКИПКнын №3 Педагогикалык кеңешинде каралып, бекитилди.

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2012-жылдын 4-июлундагы
N 470 токтому менен
бекитилген

## Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмуна студенттерди кабыл алуунун ТАРТИБИ

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 11-июнундагы № 279 токтомунун редакциясына ылайык)*

Бул Тартип Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы N 53 "Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана орто билим берүүчү уюмдарынын иш-аракеттерин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмдары жөнүндө жобого ылайык иштелип чыкты.

### 1. Жалпы жоболор

1. Бул кабыл алуу тартиби уюштуруучулук укуктук формаларына (ведомстволук баш ийүүсүнө жана менчигинин формасына) карабастан, Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү программаларды ишке ашыруучу билим берүү уюмдарына кабыл алууну жөнгө салат.

Бул кабыл алуу тартиби менен жөнгө салынбаган маселелерди кесиптик орто окуу жайлар (мындан ары - КООЖ) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз алдынча чечишет.

2. Коожго негизги орто же жалпы орто жана кесиптик башталгыч билими бар Кыргыз Республикасынын жарандары, Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу же убактылуу жашаган чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар кабыл алынат (эгер окуу 3 жыл болсо).

3. Кыргыз Республикасынын жарандары эгер бул деңгээлдеги билим алар тарабынан биринчи жолу алынып жатса, конкурстук негизде мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде акысыз орто кесиптик билим алууга укуктуу.

4. КООЖдорго кабыл алуу конкурстун негизинде ишке ашырылат. Конкурстун шарттары жарандардын билим берүү жаатындагы укуктарын сактоону гарантиялап, жөндөмдүү жана даярдыктуу адамдардын кесиптик орто билим алуусун камсыздоого тийиш.

5. Билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жыл сайын министрликтердин, ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын арыздарынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген бюджеттик каражаттын эсебинен адистиктер боюнча даярдоонун планын (контролдук цифраларды) бекитет.

6. I, II группадагы майып жарандардын, жеңилдиктери жана гарантиялары боюнча согуштун катышуучуларына жана согуштун майыптарына теңдештирилген адамдардын, бала кезинен майыптардын, майып балдардын, айылдык жаштардын жана Кыргыз Республикасынын жараны болуп эсептелбеген кыргыз улутундагы адамдардын, ошондой эле жетим балдардын жана ата-энесинин кароосунан ажыраган балдардын ичиндеги жарандарга жыл сайын бюджеттик каражаттын эсебинен адистиктер боюнча кабыл алуу планынын (контролдук цифранын) чегинде квоталар берилет.

7. Адистиктери боюнча келишим (акы төлөө) негизинде кабыл алуу планын КООЖ уюштуруу-укуктук формасына карабастан окуучулардын контингентинин чегинде аныктайт жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылууга тийиш.

8. КООЖдор Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 5-ноябрындагы N 702 "Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү адистиктерине окутуунун нормативдик мөөнөттөрүн бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык тийиштүү адистиктер боюнча кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруунун шарттары бар болсо гана жарандарды окууга кабыл алуу жөнүндө жарыялоого укуктуу.

9. Кыргыз Республикасынын КООЖдорунда башка мамлекеттердин жарандарын окутуу Кыргыз Республикасы катышуучу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле билим берүү уюмдары же жеке жарандар менен келишимдердин негизинде ишке ашырылат.

## 2. Кабыл алууну уюштуруу

10. Бул Тартипке ылайык кабыл алууну уюштуруу үчүн КООЖдун кабыл алуу комиссиясы түзүлүп, анын терагасы окуу жайдын жетекчиси (директору, начальниги) болот.

11. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы кабыл алуу планы аткарылышы, лицензияда белгиленген чектүү контингенттин, ошондой эле КООЖдорго кабыл алуу боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышы үчүн жооптуу болот, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иш тартибин, кабыл алуучу жана апелляциялык комиссиялардын жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.

12. Кабыл алуучу сыноолорду уюштуруу жана өткөрүү үчүн кабыл алуу комиссиясынын терагасы сынактык жана апелляциялык комиссиялардын курамдарын бекитет. Сынактык жана апелляциялык комиссиялардын ыйгарым укуктары жана иш тартиптери КООЖ жетекчиси бекитүүчү алар жөнүндө жоболор менен аныкталат.

13. Кабыл алуу комиссиясынын ишин жана иш кагаздарын жүргүзүүнү, ошондой эле абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке кабыл алууну КООЖдун жетекчиси тарабынан дайындалуучу жоoптуу катчы уюштурат. Кабыл алуу комиссияларынын жоoптуу катчыларынын кандидатуралары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылат. Бир эле адам удаасы менен эки жылдан ашык жоoптуу катчы боло албайт.

14. Кабыл алуучу комиссиянын курамы, ыйгарым укуктары жана ишинин тартиби КООЖдун жетекчиси бекитүүчү ал жөнүндө жобо менен аныкталат. Кабыл алуучу комиссиянын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бир жыл.

15. Орто кесиптик окуу жайга кабыл алууда кабыл алуу комиссиясынын терагасы жарандардын билим берүү жагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген укуктарын сактоону, кабыл алуучу жана апелляциялык комиссиялардын ишинин ачык-айкындыгын, тапшыруучулардын жөндөмүн жана шыктарын баалоонун объективдүүлүгүн, кабыл алуунун бардык этаптарында кабыл алуучу комиссиянын жетекчилигине жеткиликтүүлүктү камсыздайт.

16. КООЖго өтүүгө арыз бергенде окууга кирүүчү төмөнкү документтерди тапшырат:

- паспортун же туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн;
- негизги мектепти бүтүргөнү жөнүндө күбөлүгүнүн же орто мектепти аяктаганы тууралуу аттестаттын түп нускасын же дубликатын;
- белгиленген формадагы медициналык маалымкатын;
- аскердик белетин же катталуу күбөлүгүн;
- керектүү сандагы сүрөтүн (3x4 - 6 шт.);
- эгерде тапшыруучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдиктерге талапкер болсо, КООЖдо тийиштүү адистиктер боюнча окууга кандайдыр чектеелер бар болсо тапшыруучу башка документтерди да тапшырышы мүмкүн.

17. Окутуунун ар түрдүү формаларына жана келишим (акы төлөө) негизинде окууга түшкөн арыздар өз-өзүнчө белек катталып, бөлөк эсепке алынат.

18. Документтерди кабыл алуу:

- окутуунун күндүзгү формасына ошол жылдын 20-июнунан баштап 10-августуна чейин;
- сырттан окуу формасына ошол жылдын 15-июлунан баштап 25-августуна чейин.

19. КООЖдор алардын уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан кабыл алуу эрежелерин жыл сайын иштеп чыгышат, бекитишет жана аларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Тартипке каршы келбөө жагынан өз Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашышат.

20. Чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим тууралуу же башталгыч кесиптик билим тууралуу мамлекеттик документтерине эквиваленттүү билими тууралуу документтерин көрсөтүшү керек.

Чет өлкөлүк жарандардын документтерине экспертизаны Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жүргүзөт. Билиминин тийиштүү деңгээли жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги берген маалымкат болмоюнча чет елкөлүк жарандар окууга кабыл алынбайт.

## 3. Кирүү сыноолору

21. Уюштуруу-укуктук формасына, окутуунун формасына карабастан КООЖго кирүү үчүн башкы критерийлер болуп тапшыруучунун билиминин деңгээли жана жөндөмү эсептелет, аны текшерүү үчүн кирүү сынактары өткөрүлөт.

22. Кирүү сынагын өткөрүү мөөнөтү:

- окутуунун күндүзгү окуу формасына - етүп жаткан жылдын 20-июлунан баштап 20-августуна чейин;

- сырттан окуу формасына - етүп жаткан жылдын 1-августунан баштап 25-августуна чейин.

Кирүү сынактары бланк менен тестирлөө, оозеки же жазуу жүзүндөгү экзамен, угуу, кароо ж.б. формаларда өткөрүлөт.

КООЖго тапшыргандар кирүү сыноолорун мамлекеттик же расмий тилде берүүнү тандап алууга укуктуу.

Кабыл алуунун тартиби, ошондой эле кабыл алуу комиссияларынын арыздарды кабыл алууну уюштуруу боюнча чечимдери, кирүү сыноолорун өткөрүүнүн расписаниеси, кабыл алуунун жыйынтыктары абитуриенттерге өз учурунда билдирилиши керек.

23. КООЖго кабыл алуу эрежелеринде: сыноолордун саны (экиден кем эмес, бирок - төрттөн ашык эмес, сыноолордун бирөө - мамлекеттик жана расмий тил боюнча), аларды өткөрүүнүн формасы, предметтердин тизмеси, КООЖдун адистик боюнча профилдик предмети жана апелляцияларды кароонун тартиби аныкталат.

24. Атайын билимин жана жөндөмүн текшерүүнү талап кылган адистиктерге (маданият, искусство, дене тарбия, архитектура ж.б. тармактагы адистиктер боюнча) окутууга кабыл алууда кошумча кирүү сынактары өткөрүлүшү мүмкүн.

25. Кирүү сыноолору (24-пунктта көрсөтүлгөндөн башкалары) негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүү программаларына ылайык өткөрүлөт.

26. Кирүү сыноолоруна себепсиз келбей калгандар, канааттанаарлык эмес баа алгандар КООЖго кирүү конкурсунан чыгарылат.

27. Бирдиктүү талаптардын аткарылышын, тесттик тапшырмалар (суроолор) боюнча сыноолордогу талаш маселелерди чечүү жана КООЖго тапшыргандардын укуктарын коргоону камсыздоо максатында КООЖдо апелляциялык комиссия түзүлөт.

Апелляциялык комиссиянын курамына билим берүүнү башкаруу органдарынын өкүлдөрү, сабактар боюнча педагогикалык кызматкерлер көз карандысыз эксперт катары киришет.

28. Абитуриенттердин апелляция жөнүндө арыздары кирүү сыноолорунун жыйынтыгы жарыялагандан кийин бир сутканын ичинде берилет да, алар апелляциялык комиссия тарабынан арыз ээсинин катышуусунда бир күндүн ичинде каралат.

29. Апелляцияны кароо кайра экзамен тапшыруу эмес. Апелляцияны кароонун жүрүшүндө кирүү сынагын тапшыруунун натыйжасы туура же туура эмес бааланганы гана текшерилет.

30. Кирүү сынагын кайра тапшырууга болбойт.

## 4. Кабыл алуу

31. Кабыл алуу кирүү сыноолору бүткөндөн кийин:

- окутуунун күндүзгү формасына - ошол жылдын 25-августунан кеч эмес;

- сырттан окуу формасына - ошол жылдын 30-августунан кеч эмес ишке ашырылат.

32. Жакшы баа алса бюджеттик орундарга жана окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча конкурстан сырткары кабыл алынчуулар:

- *(абзац КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 11-июнундагы № 279 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

- тоголок жетим жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар (ошол жылдын 1-октябрына карата 18 жашка чыга электер);

- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген, медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча даярдыктын жана адистиктин тандаган багыты боюнча коождо окуса болуучу адамдар;

- тандаган коождогу багыттар жана адистиктер боюнча эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү (ошол жылы 1-3-орундарды алгандар), эгерде олимпиадалык сабак профилдик болсо.

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 11-июнундагы № 279 токтомунун редакциясына ылайык)*

33. "Спорттун чеберлигине талапкер", "Кыргыз Республикасынын спортунун чебери", "Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спортунун чебери" спорттук наамдары бар спортсмендер, мөөнөттүү аскер кызматынан өткөн абитуриентке мамлекеттик жана муниципалдык орто кесиптик билим берүү мекемелерине тапшырууда бюджеттик орунга жана окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча орундарга артыкчылыктуу укукка ээ болушат.

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 11-июнундагы № 279 токтомунун редакциясына ылайык)*

34. Олимпиада оюндарынын, дүйнөлүк чемпионаттардын жана Азиялык оюндардын чемпиондору

жана призерлору дене тарбия жана спорт тармагындагы адистиктери даярдоо үчүн мамлекеттик жана муниципалдык орто кесиптик билим берүү мекемелеринде билим алуу үчүн сынаксыз (экзаменсиз, тестирлөөсүз жана маектешүүсүз) кабыл алынат.

35. Уюштуруучулук укуктук формаларына (ведомстволук баш ийүүсүнө жана менчиктин формасына) карабастан КООЖдорго кабыл алуу билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтин түп нускасы боюнча ишке ашырылат.

36. Конкурстун жыйынтыгы боюнча кабыл алуу тууралуу буйрук кирүү сынактарында топтогон баллын көрсетүү менен кабыл алуучу комиссиянын маалымат тактасына жарыяланат.

37. КООЖдор уюштуруучулук-укуктук формаларына карабастан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине кабыл алуу жөнүндө жыйынтык маалыматтарды берүүчү мөөнөттөр:

- бюджеттик каражаттын эсебинен окууга алуу - 1-сентябрга чейин;
- акы төлөп окуу үчүн - 15-сентябрга чейин.

38. КООЖдор ар бир окуу жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине статистикалык отчет берүүгө, ал эми кабыл алуу бүткөндөн кийин - студенттерди кабыл алууну уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө отчетту берүүгө милдеттүү.

39. КООЖдордун кабыл алуу комиссияларынын ишин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги контролдойт.